БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ
АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ
AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**

Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин кызматкерлеринин Жамааттык жыйыны

Протокол № 67-1, 05.09.2024-ж.

**«БЕКИТИЛДИ»**

Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин директору

_____________ Б. И. Исмаилов

Буйрук №2/0101, 05.09.2024-ж.

# АККРЕДИТАЦИЯЛАНУУЧУ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН/БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## 1.Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо аккредитацияга алынган билим берүү уюмдарынын (ББУ) жана билим берүү программаларынын (ББП) өзүн-өзү баалоо жүргүзүү процесстин тартибин жөнгө салат. Анын максаты ББУ/ББПнин ишмердүүлүгүнүн аккредитациянын талаптарына, критерийлерине жана эрежелерине ылайыктыгын ички баалоо жүргүзүү.

1.2. ББУ/ББП өзүн-өзү баалоо аккредитациялоонун биринчи этабы болуп эсептелет жана уюмдун жана/же билим берүү программаларынын натыйжалуулугун жалпы баалоону камтыйт.

1.3. Бул Жобо төмөнкү максаттарды көздөйт:

- ББУ жана/же сапаттуу ББП бардык аспекттерин объективдүү жана ачык баалоону камсыз кылуу;
- ББП сапатын жакшыртуу;
- ББУ эффективдүү башкаруусуна көмөк көрсөтүү.

## 2. Өзүн-өзү баалоонун максаттары жана милдеттери

2.1. Өзүн-өзү баалоонун максаты — билим берүү ишмердүүлүгүнүн бардык компоненттерин текшерүү жана белгиленген стандарттарга жана критерийлерге ылайык келүүсүн камсыз кылуу.

2.2. Өзүн-өзү баалоонун милдеттери:

- ББП сапатын жана/же ББУ эффективдүүлүгүн аккредитациялык стандарттарга жана критерийлерге ылайык баалоо;

- ББП ишке ашыруу үчүн шарттарды талдоо (материалдык-техникалык ресурстар, кадрдык камсыздоо, финансылык туруктуулук);
- Билим берүү процессинин уюштурулушундагы көйгөйлөрдү жана кемчиликтерди аныктоо;
- Өзүн-өзү баалоо отчетун жазуу.

## 3. Өзүн-өзү баалоонун этаптары

3.1. Даярдык этабы:

- Өзүн-өзү баалоону өткөрүү боюнча жоопту адамды (же адамдар тобун) дайындоо;
- Өзүн-өзү баалоо комиссиясын түзүү, анын мүчөлөрүнүн функцияларын жана стандарттарын бөлүштүрүү;
- Өзүн-өзү баалоону өткөрүүнүн планын жана мөөнөтүн иштеп чыгуу;
- ББУ ишмердүүлүгү боюнча керектүү документтерди жана маалыматтарды топтоо.

3.2. Баалоо этабы:

- ББУ/ББП учурдагы абалын кылдат, ишенимдүү жана өз ишинин шайкештигин ички баалоо;
- Учурдагы көрсөткүчтөрдү белгиленген нормативдер, стандарттар жана сунуштар менен салыштыруучу талдоо жүргүзүү;
- Студенттердин, педагогикалык кызматкерлердин жана башка кызыкдар тараптардын консультацияларын уюштуруу жана анкета жүргүзүү;

3.3. Өзүн-өзү баалоо отчетун түзүү этабы:

- Өзүн-өзү баалоо отчетун жазуу;
- ББУ өзүнчө баалоо отчетун презентациялоо;
- Өзүн-өзү баалоо жыйынтыктарын талкуулоо жана отчетту тууралоо.

## 4. Өзүн-өзү баалоонун аспекттери

4.1. Өзүн-өзү баалоо белгиленген стандарттарга жана критерийлерге ылайык жүргүзүлөт, төмөнкү аспекттерге өзгөчө көңүл буруу менен:

- ББП сапаты: мамлекеттик билим берүү стандарттарына, окуучулардын, жумуш берүүчүлөрдүн жана эмгек рыногунун талаптарына жооп берүү;
- Педагогикалык кадрлардын сапаты: окутуучулардын квалификациясы, негизги билими, илимий даражасы жана наамдары, квалификациясын жогорулатуу;
- Билим берүү уюмунун инфраструктурасы: окуу жана лабораториялык жайлардын жеткиликтүүлүгү жана заманбаптыгы, зарыл жабдуулардын, технологиялардын жана маалыматтык ресурстардын болушу;
- Илимий жана инновациялык ишмердүүлүк үчүн шарттар: илимий долбоорлордун, басма сөздө жарыяланган макалалардын, эл аралык жана улуттук илимий конференцияларда, форумдарда катышуу;
- Билим берүү ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары: окуу жыйынтыктары, бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу коэффициенти, студенттердин конкурстарга жана олимпиадаларга катышуусу;
- Уюмдаштыруу структурасы жана башкаруу: ички башкаруунун сапаты, ресурстарды натыйжалуу колдонуу жана чечим кабыл алууга катышуу.

## 5. Өзүн-өзү баалоо үчүн колдонулуучу документтер жана материалдар

5.1. Өзүн-өзү баалоо үчүн билим берүү уюму төмөнкү документтерди колдонушу керек:

- ББПУАА стандарттары жана критерийлери, мамлекеттик билим берүү стандарттары;
- ББУ ички нормативдик актылары (устав, жоболор, инструкциялар);
- Студенттердин жана окутуучулардын саны боюнча статистикалык маалыматтар;
- ББУ жыйындар протоколдору, отчеттор, анкета жүргүзүүлөр, изилдөөлөр;
- Жумуш берүүчүлөрдүн жана тышкы эксперттердин пикирлери жана корутундулары.
  5.2. Өзүн-өзү баалоо процессинде топтолгон бардык материалдар билим берүү уюмунун архивинде сакталууга тийиш.

## 6. Өзүн-өзү баалоо отчетунун мазмуну

6.1. Өзүн-өзү баалоо отчету төмөнкүлөрдү камтышы керек:

- ББУ/ББП аккредитациялык стандарттарга жана критерийлерге ылайык келүүсүнүн баасы;
- Стандарттар жана критерийлердин аткарылгандыгын ырастаган тиркемелер;
- Аныкталган күчтүү жактар;
- Аныкталган алсыз жактар;
- Өзүн-өзү баалоо отчету, комиссиянын мүчөлөрү тарабынан кол коюлуп, ББПУАА жөнөтүү.

## 7. Жыйынтыктоо жоболору

7.1. ББУ өзүн-өзү баалоо боюнча жобо аккредитацияга даярдык көрүү учурунда милдеттүү түрдө аткарылышы керек.

7.2. Зарылчылыкка жараша, бул жобо мыйзамдарга жана аккредитациялык органдардын талаптарына ылайык өзгөртүлүп же толукталышы мүмкүн.

7.3. Бул Жобо анын бекитилген күнүнөн тартып күчүнө кирет жана жаңы документ кабыл алынганга чейин күчүндө болот.